«Бекитемин»
Б. Сыдыков атындагы
Кыргыз -Өзбек университети,
э.и.д., профессор
Мамасыдыков А.А.
______________
2024-ж. «___» ___________

**Илимий-изилдөөчүлүк, илимий-техникалык иштердин натыйжаларын, илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн натыйжаларын**
# ИШКЕ КИРГИЗҮҮ АКТЫСЫ

**1. Ишке киргизүүнүн автору (соавторлору):** Кудаярова Барнохан Анваровна.

**2. Илимий-изилдөөчүлүк, илимий-техникалык иштердин, илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн аталышы:** 12.00.01 – укуктук жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “**Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан аялдарды сактоо жана коргоонун теориялык-укуктук негиздери**” деген темадагы диссертациялык иш.

**3. Кыскача аннотация:** Акыркы жылдары үй-бүлөлүк зомбулук бул коомдук илимдердин өкүлдөрүнүн гана эмес бүтүндөй коомдун көңүлүн бурууда. Үй-бүлөдөгү зомбулук азыркы Кыргызстан үчүн олуттуу көйгөй болуп саналат, эксперттер тарабынан ал коомдун социалдык туруктуулугуна коркунуч келтирген олуттуу факторлордун бири катары бааланат.

Криминологиянын, саламаттыкты сактоонун, социологиянын жана күндөлүк басма сөздүн маалыматтарына таянуу менен Кыргыз Республикасынын айрым үй-бүлөлөрүндө инсандар аралык зомбулук мамилелердин көнүмүш адатка айланган жашоо образы катары калыптануусу дале болсо токтобой келе жатат. Бул стресстик кырдаалдардын көбөйүшүнө, адамдардын салттуу баалуулук багыттарынын жоголуусуна себеп болуу менен көпчүлүк учурларда социалдык-материалдык кыйынчылыктар менен байланышкан. Мындай шарттарда жашообуздун көп тармактарында, анын ичинде, биринчи кезекте үй-бүлөдө зомбулук кадыресе көрүнүшкө айланат.

Азыркы учурдагы басымдуу көпчүлүк өлкөлөрдө цивилизациянын өсүп-өнүккөндүгүнө карабастан үй-бүлөдөгү зомбулук актуалдуу проблема болуп жатат. Бул кесепет “коомдун баштапкы уясы” болгон үй-бүлөлөлөрдүн тынч жана өз ара ынтымакчылыкта жашоосуна кедергисин тийгизип келүүдө.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу, ага каршы жалпы күрөш жүргүзүү башка кылмыштын түрлөрүнө салыштырмалуу абдан ар тараптуу жана көп кырдуу татаалдашкан маселе. Биринчи кезекте, үй-бүлөдө патриархалдык салттардын эски калдыктарынан арылуу зарыл. Кийинки этаптарда анын пайда болуу табиятын жана себептерин, кийинки күтүлүүчү

кесепеттерин алдын ала байкоо, башка социалдык-укуктук кубулуштар менен окшош жана айырмачылык жактарын аныктоо, ага карата бул негативдик көрүнүш менен күрөш жүргүзүү жолдорун аныктоо зарылчылыктары пайда болду.

Диссертациялык иште Кыргыз Республикасында аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого алуунун теориялык-укуктук негиздерине илимий-теориялык анализ жүргүзүүлдү. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана андан аялдарды, жалпы үй-бүлө мүчөлөрүн корооого алуунун буга чейин иштеп келген укуктук нормаларын жана чараларын өркүндөтүү, заман талаптарына туура келе турган алгылыктуу формаларын иштеп чыгуу жана аларды мыйзам чыгаруу органдарына, укук коргоо органдарына жана жалпы эле коомчулукка сунушталды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй илимий негизделген жоболор даярдалды:

- үй-бүлөлүк зомбулуктун укуктук аныктамаларын теориялык-практикалык жактан терең жана ар тараптуу талданды;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун түрлөрүн жана формаларын изилденди;
- үй-бүлөлүк зомбулукка алып келүүчү факторлорду аныкталды;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана аны менен күрөшүүгө байланышкан эл аралык жана чет өлкөлүк тажырыйбалар менен мыйзамдарды анализденди;
- Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого алуунун укуктук механизмдерин ачуу жана аларды жакшыртуу боюнча сунуштар берилди;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жалпы социалдык чараларын жана механизмдерин аныкталды;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана аны менен күрөшүүнүн алдынкы укуктук механизмдерин иштеп чыгып жана аларды тиешелүү тармактарга сунуштады..

**4. Ишке киргизүүдөн жаралган эффект:** Диссертациялык иште үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун, ага каршы күрөш алып баруунун теориялык-прикладдык жактары ачылды. Изилдөөгө алып жаткан негативдик социалдык-укуктук көрүнүшкө, анын түрлөрүнө жана формаларына, келип чыгуу себептерине терең жана ара тараптуу теориялык баа берилди.

Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү тиешелүү уюмдар менен мекемелерге, жалпы эле коомчулукка, сот жана күч органдарына төмөнкүдөй сунуштардын берилди:

- үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун, ага каршы күрөш алып баруунун жалпы мамлекеттик саясатында профилактикалык жумуштарды оптималдаштыруу;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууда жана аны түп тамырынан жок кылууда эскиден калган патриархалдык түшүнүктөрдөн жана салт-санаалардан биротоло арылуу;
- диссертациялык иште келтирилген сунуш-пикирлерди үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу, ага каршы күрөш жүргүзүү багытында

укук коргоо жана башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын активдүү колдонуу мүмкүнчүлүктөрү;

- диссертациялык иштин материалдарында берилген теориялык-практикалык жоболордун орто жана жогорку юридикалык окуу жайларында колдонулуусу.

**5. Ишке киргизүү орду жана убактысы:** Ош ш., Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек университети, Гапар Айтиева көч., 27.

**6. Ишке киргизүү формасы:** Диссертациянын материалдары 2021-жылынан бери төмөнкү документтерде, иштелмелерде колдонууга ээ болгон:

- аталган университетте бакалаврдын “Юриспруденция” багыты боюнча “Мамлекеттин жана укуктун теориясы”, “Конституциялык укук”, “Эмгек укугу” сабактарын окутууда колдонулду;

- “Мамлекеттин жана укуктун теориясы”, “Конституциялык укук”, “Эмгек укугу” сабактарынын окуу-усулдук комплекстерин жана жумушчу программаларын даярдоодо колдонулду.

**Комиссиянын төрайымы:**
ЮБФнын деканы,
ю.и.д., профессор Көкөева А.М.,: ____________________
**Комиссиянын мүчөлөрү:**
ЮБФнын “Жеке укуктар” кафедрасынын
башчысы ю.и.к., доцент А.М.Джоробекова ____________
ЮБФнын “Мамлекеттик-укуктук сабактар” кафедрасынын
башчысынын орун басары Мойдунова С.К. ____________
ЮБФнын окуу иштери боюнча
декандын орун басары Ашырбаева Н.К.,:____________________
А.М.Көкөеванын, А.М.Джоробекованын, Н.К.Ашырбаеванын колдорун тастыктаймын

**КӨЭАУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы: Егембердиев М.Ш.**

ЗАВЕРЯЮ
ИНН 01103199810027